**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №7/6**

2025-жылдын 11-сентябры — Жаңы-Арык айылы

**А.Сулайманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин 2015-жылкы бүтүрүүчүлөрүнө “Автордук класс” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, А.Сулайманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин 2015-жылкы бүтүрүүчүлөрү мектепке материалдык жардам катары 300 000 (үч жүз миң) сом каражат сарптап бир классты толук жабдып беришкендигин, бул маселе мектептин педогогикалык кеңешинде каралып макулдук берилгендигин эске алып, А.Сулайманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин директору Б.Карымшакованын кайрылуусун угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. А.Сулайманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин 2015-жылкы бүтүрүүчүлөрү жабдып берген класска “2015-жылкы бүтүрүүчүлөрдүн автордук классы” деген наам берилсин;

2. Класстын кире беришине “2015-жылкы бүтүрүүчүлөрдүн автордук классы” тактасы илинсин;

3. “2015-жылкы бүтүрүүчүлөрдүн автордук классы” тактасын орнотуу жагы А.Сулайманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин 2015-жылкы бүтүрүүчүлөрүнө тапшырылсын;

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго жана А.Сулайманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин директору Б.Карымшаковага милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**